А.Жаманбаев атындагы толук эмес орто мектеби

Ата — энелер лекторий

## Өтулгөн куну

Тема: Зомбулуксуз тарбия берүү.

Иш чаранын максаты:

Балдар менен өз ара мамиле тузуудө ата- энелердин компетентүүлүгүн жогорулатуу.

Милдеттер:

-зомбулук тушунугун ачып берүү;

-балдарга болгон зомбулуктун натыйжаларын ата- энелерге түшүндүрүү•,

- уй-булөдө балдар менен өз ара мамиле тузүүнун зомбулуксуз жолдорун, ыкмаларын жана чараларын тапкуулоо.

Жабдыктар: топтордо иштөө үчүн кагаз, калемдер, маркер, ватман, бор.

Иш- чаранын планы•.

1. Альш баруучунун кириш сөзу.
2. Топто иштоо «Зомбулук аньш турлөру жана натыйжасы. « Көйгөй дарагы» конугуусу.
3. Жагдайлуу маселелерди чечүү. Ролдук оюндар.
4. Мамиле тузуунун 6 принциби.

Иш- чаранын журушу.

1. Алып баруучунун кириш сөзу.

Урматтуу ата- энелер! Ата-эне болуу- бул суйунучтуу жан ошол эле маалда жоопкерчиликтуу жана оор эмгек. Бул эмгекти аткарууда сиздер шек туудурган сезимдерге кабылып, кээ бирде жол таппай каласыздар, эмне дегенде, балдарыбыз бизди айласыз кырдаалдарга туш келтиришет. Бугунку иш чарага муктаждык бугун эле пайда болгон жок, бул муктаждык коп жылдардан бери эле актуалщу. Бул койгонщ,у чече албасак, адамзатгы басьш алат, бул көйгөйдүн таанымал аты бар — «зомбулук»

2. Зомбулук- физикалык саламаттыкка, психологиялык жайлуулукка коркунун келтирген би радам же уй- було тарабьшан жасалган жагымсыз иш- аракетгер.

Зомбулуктун турлору:

1. Физикальж
2. Психологияльж.
3. Муктаждыктарды канаттандырбоо.

«Көйгөй дарагы» көнүгүүсү.

3. Жагдайлуу көнугуулөрду чечкенге киришели. Ролдук оюндар.

4 топ менен иштөө.

1- жагдай: Сиздин уулунуз суйлошкон убаккытан кыйла кечигип уйго кайтты.

Сиз уулунузду кантип тосуп аласыз?

Баламдан акырын сурап, тушундурөм.

2- жагдай: Сиздин кызыныз аябай жакшы окуйт, бирок уй тиричилигинде сизге жардам бергиси келбейт?

Мындай жагдайдан кантип чыжсак болот?

Үй ичине да жардам беруусун айтам.

3- жагдай: Ата- эне баласына белгилуу бир максатты көздөп акча белек тартуулашты. Бала ата- энеси дайыщдап берген буюмду албай башкага коротот.

Мындай учурда эмне кылабыз?

Балага пайдалуу гана нерсеге коротуш керектигин айтам.

4- жагдай: Кызыныз сизден аябай кымбат койнокту сатып беруунуз суранып жатат, сиздин болсо акчаныз жетпей жатат?

Сиз кызынызга эмне деп тушундуросуз?

Азырынча ушу койнокту алып тур, жакында сен каалаган койнокту алып берем. демекчимин.

Ата- энелер ОКШОШ жагдайларга кабылганда, балдарында кандай сезимдер туулганына көздөру жетип, тушуно башташат.

Ролдук оюндар терс сценарий аткарылса, позитод:щу чечимди дагы оюнда корсотууну талап кылуу.

4. Мамиле тузуунун 6 принциби

Бала менен байланыш тузу- дайыма азгырык. Ал менден алсыв менден азыраак билет, менсиз жашай албайт. Демек, менин тилимди албаса,

мен койгон шарттарды аткарбаса ага ачуулануу, каардануу, оз балама озум каалагандай мамиле жазаймын.

Чын эле ушундайбы?

Эч кимибизге сыр эмес, кундолук жашоодо баодар чон кишилер менен тентуштары менен мамиле тузуудо ар кандай чыр чатакка, жанжалга учурашы мумкун. Айтылган кырдаалда, чон кишинин мамилеси баланьш мунозунункалыптанышына абдан чон таасир этет.

Баланын мунозу он жана терс жагына озгорушу мумкун.

Чыр- чатак жагдайын кандайча адамгерчилик менен натыжалуу чечсе болот?

Келиниздер,бугун биргеликте мамиле тузуу ченемдери менен тааншa.пы.

Бала ата- энеси менен байланыш,тузуп, суйлошуп- сырдашьш, туура баарлашууну каалоосу учун, 6 ченем бар экенин эске тутуп калуу зарыл, аларды рецепт катары жазьш алсаныздар да болот.

Анын мазмууну:

Баланы кабыл алуу- бул аньш мъжты баалар же жаткан тошогун жыйганы учун эмес, жон гана аньш ббул дуйнодо бар болуу фактысы учун суйуу. Баланьш барктуулугу жатат.

Моюнга алуу жана таануу- бул баланьш коопсуздугун сактап калуу.

Баланьн туура эмес кылык жоругу учураганда, ата-эне баланы коркутпай, тез арада куноосун моюнга алып, кечирим сурашын талап кылбай, тескерисинче ата-эне бала менен биргеликте мындай кылык жорукка эмнелер себепкер болду, алдыда дагы мындай жагдайларга учурабаш учун эмне кылуу керектигин талкуулап тушунуусу зарыл. Ата- эне эсине бекем тутуш керек, кемчиликерди тузотуу учун балага шылдьшдабай, куноолобой мамиле тузуш керек.

Суйуу бала учун эн маанилуу сезим.

Психологдордун пикири боюнча, бала жашына карабастан суйууго жана мээримге муктаж. Кунуно 4-5 жолу баланы ооп, кучактап эркелетуу керек. Ата- эненин ою боюнча маанилуу эмес, арзыбаган, эн жонокой баланьш иш аракеттерин дагы баалоосу зарыл. Суйуу гана кемчиликтерди азайтьш туздой алат.

Жеткиликтуулук- бул тушунук 21 кылымдын уй- булосу учун эн маанилуу. Коптогон ата-эне оз баласын тарбиялоодо учураган ар турдуу кырдаалдын себептерин бала менен суйлошууго убакыттын жетишпестигинен корушот, эмнеге дегенде кечке жумушта болуп, баласына конул буруууга жетишпей калгандыгын айтат.

Жеткиликтуулук - бул

Тушунук 21 кылымдын уй-булосу учун эн маанилуу. Коптогон ата-эне оз баласын тарбиялоодо учураган ар турдуу кырдаалдьш себептерин бала менен суйлошууго убакытгын жетишпестигинен корушот, эмнеге дегенде кечке жумушта болуп, баласына конул бурууга жетишпей калгандыгын айтат.

Жеткиликтуулук- буд дайыма азгырган иш- аракеттерди четке кагып, убакыт таап бала менен маектешкенге аракеттенуу.

Бала менен маек курууну кечендетуу кээде олумго барабар. Колум бош эмес, кийинчереек бул маселеге кайрылам деп шылтоологон жарабайт. Ата- эне эсине сактоо керек, бала менен убакыт откоруу бул уй тапшырмасына жардам беруу, балага насыят айтуу менен чектелбейт. Бала учун жеткиликтуулук- бул баланын суроолоруна убагьшда жооп беруу, сезимдери менен болушуу, сырдашуу, талкуулоо.

Жоопкерчилик- баланы жоопкерчиликтуу болуп осушун каалсаныызтарбиялоодо чектоо методун колдонунуз. Бала кезден баштап ата-эне керектуу убакта «жок» деген созду айта албаса, ата- эненин жашоосу кыйындьжка айланат. Ата-эне эсине тутуу керек, бироосу уруксат берип, экинчиси тыюу салса, уй- булолук тарбия эн эле коркунучта десек болот. Мындан дагы коркунучтуу деп, ата- эненин бири баласына кошулуп, анын кьшык жоругун экинчисинин ачуулануусунан коркуп жашырганын айтсак болот. Баланын жагымсыз кылык- жоруктарын жашырып жатып, баланын кьшмыш иштерине шарт тузуп алабыз.

Ата- эненин кадырлуулугу- 03 баландын алдында кадырлуу болом деген ата- эне кошоро эмгектенуу керек. Туугандар жонундо, айланадагы

адамдар жонундо мугалимдер жонундо ата- эненин айткан ой-пикири, атаЭНеНИН СЫРТКЫ ЧОЙРОДОГУ ЖУРУШ—ТУРУШУ, АТА—

ЭНеНИН КЫЛЫК жоругу, жумушка болгон мамилеси, 03 ара мамилелер-баары ата-эненин кадырын түзөт.